Таалайыма

Өчпөй турса өмүр берген чырагым,
Элимден, өз журтумдан сурарым.
Эл-журтумдун ынтымагы бек болуп,
Болбосунчу бөөдө, кайгы-убайым.
Жалгап турса жаратканым Кудайым,
Жан бүткөнгө сурайт эле ырайым.
Адамдардын бүт күнөөсүн кечирип,
Ар пендеге ыйман бер деп сурайын.
Кайырма:
Таалайымдан, ий,
Таалайымдан, оо,
Таалайымдан сурайын.
Тагдыр мага байлык берсе ынайын,
Таалайымдан дал ошону сурайын.
Байлыгы көп, бактылуу эл ичинде,
Алпурушуп адал эмгек кылайын.
Өчпөй турса өмүр берген чырагым,
Элимден, өз журтумдан сурарым.
Эл-журтумдун ынтымагы бек болуп,
Болбосунчу бөөдө, кайгы, убайым.
Кайырма: